КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги XIII сессиясынын №107/13-9 ТОКТОМУ

**19-март, 2026-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарынын А.Оторбаев көчөсүнүн №н/ж жана Бердике Баатыр көчөсү №20 “а” дарегинде жайгашкан жалпы аянты 5.008 га жер тилкелерин Р-3 аймагынан С-3 аймагына которууга макулдук жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренеси, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 2, 21-беренелерине ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 17.03.2026-жылдагы №01-19/965 чыгыш сандуу катынын жана Талас регионалдык шаар куруу жана архитектура башкармалыгынын корутундусунун негизинде, Талас шаардык кеңешинин “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас шаарынын Оторбаев көчөсүнүн №н/ж жана Бердике Баатыр көчөсү №20“а” дарегинде жайгашкан жалпы аянты 5.008 га жер тилкелерин Р-3 аймагынан С-3 аймагына которууга макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин “Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев У.К.) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ТАЛАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИНН 00612200510079